Каралды
Педогогикалык
кеңештин
протоколу №1
"30" 08 2022-ж

Бекитемин
№76 орто жалпы билим берүү
мектеп-лицейи директору
Байчубакова Г.Т. "27" 09 2022-ж

**№ 76 орто жалпы билим берүү мектеп-лицейинин ата-энелер комитети жөнүндө**

**ЖОБО.**

I. Жалпы жоболор.

- Бул жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын 38-беренесине ылайык, жалпы билим берүү уюмунун ата-энелер комитетинин иш аракетин жөнгө салат, анткени ал тең башкаруу органы болуп эсептелет.
- Ата-энелер комитети жөнүндө жобо ата-энелердин жалпы мектептин чогулушунда кабыл алынып, бекитилет да, мектептин жалпы билим берүү боюнча директорунун буйругу менен ишке киргизилет.
- Ата-энелер комитети (текст боюнча мындан ары - «комитет» - деп берилет) үч жылдык мөөнөткө ата-энелердин конференциясында шайланып, аны төрага башкарат. Ал комитет мектептин ата-энелер комитетине баш ийүү менен ата-энелер комитетинин конференциясында тактама (отчет) берип турат.
- Комитеттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 3 жылда бир алмашылып турат.
- Анын иш аракеттеринин ыңгайлаштыруу (координациялоо) үчүн комитеттин курамына мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары кириши мүмкүн.
- Комитеттин иш-аракеттери Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндөгү» Кодексине, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүүчү уюм жөнүндөгү» типтүү жобого, «Жалпы билим берүүчү уюмдун Уставы» жана ушул Жобого ылайык ишке ашырылат.
- Комитеттин чечимдери жалпы билим берүүчү мектептин жетекчилиги үчүн сунуш катарында кабыл алынат.

Аткарган: Бейшебаева Динара Абаскановна